
# Алыс дегениң канча?



Автор: Суканья Синха

Сүрөтчү: Вишну М. Наир

Сүрөттөрдү адаптациялаган: Светлана Насынбатова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Алыс дегениң канча?

Автор: Суканья Синха
Сүрөтчү: Вишну М. Наир
Сүрөттөрдү адаптациялаган: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Pratham Books

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*How Far is Far?*, Copyright © 2016, Pratham Books түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Алыс дегениң канча?" (кыргыз тилинде), автор Сукйана Синха, сүрөтчү Вишну М. Наир, сүрөттөрдү адаптациялаган Светлана Насынбатова, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган. Pratham Books ©2016 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/4445-how-far-is-far

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бүгүн биз тепкич менен өйдөгө чыгабыз. Бул өзгөчө тепкич.

Баскычтарынын ортосундагы аралык улам чоңоё берет. Ар бир кадам сайын 10 эсеге көбөйөт. Кээде биз бир кадам шилтеп, андан кийин жолду кыскартыш үчүн дагы бир нече кадамды өткөрүп жиберебиз. Эң эле кызыгы, бул тепкичтин аягы барбы, жокпу же кадамыбыз чексиз улана береби – билбейбиз. Келгиле, эмесе, кызыктуу саякатыбызды баштайлы!




Биринчи кадам: 1 метр


Беш жаштагы бала менен жаңы туулган пилдин баласынын кандай окшоштугу бар?


Экөөнүн тең бою 1 метрден.

Бөлмөнүн шыбы пилдин баласынан үч эсе бийик деп айтсак, туура эмес болуп калат. Ошондуктан биз акылга салып иш кылалы да, шыптын бийиктиги 3 метрди түзөт деп айталы.

1-кадам: 10 метр

Эми сиз бир метр өлчөмүн билгенден кийин, тепкичтин кийинки баскычына 10 метр көтөрүлүүгө даярбыз. Үч кабат үй же көп жылдык мөмө дарагы 10 метр болот. Теннис аянтчасынын (корттун) узундугу болжол менен мындан эки эсеге чоң. Узундугу 10 метр же андан ашуун дагы эмнелерди билесиңер?



10m
10m
10m




2-кадам: 100 метр

Кадам сайын бизде болгон ар бир сандын оң жагына бирден нөл кошуп баратканыбызды байкадыңарбы? Биз тепкич менен көтөрүлгөн сайын, кадамдын номуру да нөлдөрдүн саны менен дал келип жатат. Эгер силер дене тарбия сабагында 100 метрге чуркасаңар же сыналгыдан жөө күлүктөрдүн жарышын көрсөңөр, мунун канчалык алыс экенин билесиңер.

Эми 100 метрди тигинен элестетип көргүлө! Мисалы, Индиядагы 17-кылымда курулган белгилүү Мухаммед Адил Шах мавзолейи – эң бийик Гол Гумбаз мечитиндей эки абдан чоң мечиттин бийиктигин кошкондо, ушунча болот.




3-кадам: 1000 метр


Миң метрдин өзгөчө аталышы бар. Аны бир километр дейбиз, кыскартып 1 км деп да жазабыз.


Силер 100 метрден он жолу чуркап келсеңер, бир километр аралыктан өткөн болосуңар.

– Ой-и-ий, дүйнөдөгү эң бийик Эверест тоосунун чокусуна чыгыш үчүн 9 км жол басыш керек турбайбы!

6-кадам: 1 000 000 метр

Келгиле, эми 2 кадамды өткөрүп жиберип, 6-кадамга өтөлү. 1дин оң жагына 6 нөлдү кошолу. Биздин өлкөбүз Кыргызстандын узундугу батыштан чыгышка чейин 1 000 000 метрге жакындайт. Тактап айтсак, 900 километрди түзөт. Ал эми коңшу Казакстандыкы болжол менен 3000 км, башкача айтканда, батыштан чыгышка чейинки аралыгы 3 000 000 метрге барабар.


900км
900000м
1.000.000м
Кыргызстан





8-кадам:

Түн ичинде жарыгын төгүп турган Ай бизден канчалык алыстыкта

жайгашкан? Муну биз элестеткен 8-тепкичтен көрөбүз.

Ал 1 000 000 метрден төрт жолу деген санга барабар. Же болбосо Жерден 400 000 км алыстыкта турат.




11-кадам: 100 000 000 000 метр

Келгиле, дагы эки кадамды өткөрүп жиберип, балбылдап күйүп турган Күнгө сапар алалы.

100 000 000 км аралыкка дагы 50 000 000 километрди кошолу. Бул, чындыгында, аябай алыс аралык. Бирок Күн бизден канчалык алыс болсо

да, биздин дүйнөбүздү жапжарык кылып турат. Жайкысын ысыктан тердеп да жатпайбызбы.

Чын эле, укмуш бекен?

Акыркы кадам кайсы???

Тепкичтин акыркы баскычы барбы? Биз аны билбейбиз. Бирок заманбап күчтүү телескоптун жардамы менен Күндүн ары жагындагы жылдыздарды көрө алабыз.

Байкай турган эң эле алыскы объект 26-кадамда турат. Ал бизден 100 000 000 000 000 000 000 000 000 метр алыс аралыкта жайгашкан.

Чын эле, укмуш бекен?



**Көңүлдүү өлчөө**

Класстык бөлмөңөрдө аткарган кийинки көнүгүү аралыктарды түшүнүдүрүүгө жана топтордо иштөө көндүмүңөрдү калыптандырууга багытталган.

1. Эски гезит барактарынан туурасы 2-3 см узун кагаз тилкесин кесип алгыла.

2. Узун тилкелерди сызгыч менен өлчөп, 1 метр узундуктагы тасма кылып бири-бирине улагыла.

3. Эми ушул бир метрлик тасманы узундуктун ченеми катары колдонуп, ошондой тасмадан дагы 10ду жасап, алардан 10 метр узундуктагы тасманы курап чыккыла.

4. Андан кийин 10 метрлик он тасманы бириктирип, 100 метрлик тасманы жасап, класстын ичин бир нече жолу курчагыла.

**Ата-энелер жана мугалимдер үчүн эскертүүлөр:**

1ден кийин көптөгөн нөлдөр менен чоң сандарды жазганда, балдар эле эмес, чоңдор да ката кетириши мүмкүн. Бул китептин жардамы менен балдарга жаңылбай жазуу жолдорун үйрөтсөңүз болот.

Ал үчүн 1дин оң жагындагы нөлдөрдүн санын санап, аны жогорку 10 индекс менен жазыңыз. Мисалы, 1ден кийин 3 нөлгө ээ болгон 1000 санын  деп жазса болот. Ал эми 10,000,000 (1ден кийин 7 нөл) деп кыскартып жазууга болот. Бул эң эле жөнөкөй ыкма!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Суканья Синха
Сүрөтчү: Вишну М. Наир
Сүрөттөрдү адаптациялаган:
Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс: 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли
2-класс: 2.1 деңгээли, 2.2 деңгээли
3-класс: 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли
4-класс: 4.1 деңгээли, 4.2 деңгээли